Oş Devlet Ünıversitesi
İlahiyat Fakültesi İlmi Dergisi
16-17. sayı 2012

Ош мамлекеттик университети
Теология факультетинин илимий журналы
16-17-саны 2012

# ААЛАМДЫН ТИЛИ - ТАВХИД ДИНИ

Мевлүт Уянык
Которгон: Абдилазиз Калбердиев

## I Тавхид сөзүнүн маңызы

Тавхид бул, Аллахтын бардыгына, бирдигине, андан башка улуу күчтүн, ага теңдеш эч бир жандын, шерик жана ортогунун жок экендигине ишенүү. Тавхид бул, Жараткандын абсолюттук акыйкаттын өзү жана Аз. Мухаммеддин (с.а.в.) анын эң акыркы элчиси экендигине күбөлүк берүү. Ошондуктан бул сөздүн мазмуну, Аз. Адамдан (а.с.) тартып Аз. Мухаммед (с.а.в.) пайгамбарга чейин коомдон коомго, тилден тилге, убакыт жана мейкиндикке карап эч өзгөрбөгөн жана өзгөрүүсү да мүмкүн эмес. Итикад (ишеним) же болбосо башка сөз менен айтканда ишеним негиздеринин өзөгү болгон тавхид, нубувваат (пайгамбардык) жана маъад (акырет), жалпы жонунан Аллахка, анын периштелерине, пайгамбарларына, китептерине, акырет жана тагдырга ишенүүнү дагы өзөгүндө камтып турат.

Мына ошондуктан бул сөз, бүтүндөй бир маданиятты, цивилизация жана тарыхты бир маңызда топтоп турат. Анткени Аллах Таала Аз. Мухаммед (с.а.в.) пайгамбарга вахий кылган өзгөчөлүктөрдү, ошол эле Аз. Нухка, Аз. Ибрахимге, Аз. Мусага жана Аз. Иса дагы вахий кылып баяндаган. Динди туура кармап, бөлүнүп-жарылбашыбызды каалаган. (Шуура, 42/13) Демек, бардык пайгамбарга вахий кылынган диндин *теориялык/ишеним* негиздери бирдей. Бул негиздер убакыт жана мейкиндикте өзгөрбөгөн акыйкаттын дал өзү жана универсалдуулуктун ачык өрнөгү.

### *А. Тавхид жана анын компоненттери*

Аллахтын бар жана бирдигин туюндурган тавхид, ислам жана исламий болгон бардык нерсенин негизи. Анда Жараткандын эч нерсеге муктаж эместиги, анткени анын орток жана теңдеши жок улуу зат экендиги камтылган. Ошондой эле, ал акыйкаттын дал өзү жана жакшылыктардын булагы. Ошондуктан адам баласы акылы, аң-сезими менен анын акыйкаттуулугун, бир экендигин аңдап, жүрөгү менен Жараткандын улуулугун жана теңдешсиздигин тастыктап жашоосу керек. Анткени, Куранда бекеринен «эгер асман менен жерде Аллахтан башка кудайлар бар болсо, экөө тең ойрон болмок. (Улуу) Арштын Раббиси болгон Аллах, мушриктер сыпаттаган нерселерден арууー–таза

»деп баяндалбаса керек.(Анбия; 21/22). Демек, тавхидди акылдуу жандык болгон адамзатынын ыктыярдуу тандоосунун натыйжасында, аны жакшылыкка, жардам жана адамгерчиликке үндөгөн Жараткандан келген дин менен бир кароо керек.

Тавхид илимий жана амалий (кыймыл-аракет менен чырмалышкан өзгөчөлүк) болуп экиге бөлүнөт. Илимий тавхид бул – пайдалуу илим, ал эми амалий тавхид болсо, жакшы ниеттин жемиши болгон туура амал. Илимий тавхид, Аллахтын буюргандарына маани берип, жакшы жана жароокер болууну талап кылат.

Ар бир пайгамбар, өзүнөн мурунку пайгамбарлар тарабынан колдонулган маанилүү методдорду жана жолдорду өзүнө таандык өзгөчөлүктөр менен айкалыштырып, жаңы тил, жаңы усул менен калайык калкка алып чыккан. Ошондуктан ислам, Аз. Адамдан (а.с.) баштап бардык пайгамбарларга келген вахийлердин өздүү мазмунун ичинде камтып турган «диндин» жалпы аты. Бул жөнүндө Куранда төмөнкүчө буюрулган: «Албетте, Аллахтын алдында (кабыл боло турган) дин – бул Ислам »(Аали Имран; 3/19). Ошондой эле, Аз. Мухаммед (с.а.в.), Жараткандан келген вахийди адамзатка жеткирген соңку жол көрсөтүүчү. Ошол себептен, Аллах Тааланын Аз. Мухаммед (с.а.в.) пайгамбар аркылуу жөнөткөн бардык кабарларына эч күмөн санабай чын жүрөктөн ишенүү жана ага моюн сунуу менен түбөлүктүү нурдуу жолго жетүүнү тастыктоо дагы ыймандын бир компоненти болуп эсептелет (Ахзаб; 33/40. Шуура; 42/13. Аъраф 7/158). Ал эми бул негиздерди кабылдаган адам, алгачкы пайгамбар менен башталган тавхид жараянын жакшы билип, аны жашоосунда тастыктоосу керек. Анткени, жашоонун, адамзат табиятынын маңызы ыйман жана исламдын бүтүндүгү менен барып тавхидде өз ордун табат.

Итаат кылуу, моюн сунуу, байлануу, кандайдыр бир нерсеге багынуу, эсен болуу, тынчтыкта жашоо маанилерине келген ислам сөзүнүн терминологиялык мааниси, Аллах Таалага итаат кылуу, Аз. Мухаммеддин (с.а.в.) Жараткандан алып *«дин»* катары сунуштаган маалыматтарынын баарынын акыйкат экенине ишенүү. Бул ишенимдин жүрөк менен тастыкталып, сөз менен айтылышы керек. Башкача айтканда, жүрөктөгү ишенимди *«шахадат калимасы»* аркылуу ачыкка чыгаруу исламдын биринчи шарты болуп эсептелет.

***Б. Сунушталган усул катары – Тавхид***

Бул дүйнөнү акыреттин эгин талаасы катары көргөн тавхид түшүнүгү, жогоруда белгиленген түшүнүктөрдүн натыйжасында, ой жүгүртүүнүн бир ыкмасы жана усулу катары маанилүүлүгүн андан ары дагы бекемдеп жаткансыйт. Тактап айтканда, тарыхтын, жашоонун жана илимдин бирдигин даңазалоо менен башталган тавхид усулу,

идея менен материя, дүйнө менен акырет, акыл менен вахийге окшогон жуптардын жалгыз гана категориялык ажырымдар/бөлүнүүлөр экендигин белгилегиси келет. Мында учурдагы улут аралык, саясый жана географиялык айырмачылыктардын жана да белгиленгендей жалгыз гана категориялык ажырымдар экендигин айтуу менен калктын аң-сезимине жайгаштыруу өзгөчө маанилүүлүккө ээ. Анткени, бул методология, категориялык ажырымдардын терс мааниде колдонушуна бөгөт коюп, бирдик, биримдик аркылуу тынчтык жана ырашкерликке жол ачат. Чындыгында, Аллах каалаcа, бардык адамдарды бир улут, бир үммөт кылып жаратып деле коймок. Бирок ар бирине бир жол, бир усул (ширатан ва минхажан) берген. Тактап айтканда, адам баласынын ар кандай тилде, ар кандай улутта жана түстө жаратылышынын себеби, кимдин кандай амал кылып, кимдердин жакшы иштерди аткарууда жарыша тургандыктарын сыноо максатында (Маида; 5/48. Мүлк; 67/2). Бул сыноонун маанилүүлүгүн аңдап билген момун-мусулман, башка адамдар менен таанышып, тил табышып, диолог куруп, хаос жана анархия өкүм сүрбөгөн дүйнө курууга аракет жасайт.

Ошондуктан Аллахтын бар жана бирдигине ишенүүнү (ыйман) жана пенде үчүн ылайыктуу болгон амалдарды аткарууну талап кылган эскертүүчүлөрдүн (пайгамбарлардын) жөнөтүлгөндүктөрүнүн (Фаатыр; 35/24) негизги максаты төмөнкүчө: «Адам баласына дүйнө жана акырет бактылуулугуна жеткирүүчү жашоо мыйзамдарын, формаларын жана принциптерин көрсөтүү». Бул максат тавхиддин, башкача айтканда, «Жараткандан келген пайгамбардыктын» да маңызын ачыктап көрсөтүп турат. Анткени, адам баласына келген пайгамбарлардын баарынын негизги милдети, жогоруда белгиленген максаттын иш жүзүнө ашуусуна өбөлгө болуу болуп эсептелген.

### ***В. Жараткан жана жакшылыктын илими катары – Тавхид***

Жибрил хадисинде белгиленгендей, ыйман жана исламдын шарттарын татыктуу деңгээлде аткаруу, адамды ихсан мартабасына жеткирип, «Жаратканды көрүп тургандай» амал кылуусуна алып барат. Тактап кетсек, ихсан мартабасына жеткен адамдын турпаты жалган дүйнөдө калганы менен, анын дили жана жүрөгү Жаратканды жанында жүргөндөй мааниде берилет. Мындай акыбал, Аллахтын бар жана бирдигине ишенүүнү туюндурган ыймандын руханий жактан Жараткандан кошумча азык алып жатышы сыңары каралып, Аз. Адамдан (а.с.) Аз. Мухаммедге (с.а.в.) чейинки уланып келген жараянды туюндурган *универсалдуу исламга* кошумча маани берип жаткандай маанай калтырат.

*Ислам,* ааламдагы бардык жандуу жана жансыз заттардын Жаратканга таазим кылып турганын эстетип, соңку пайгамбар болгон Аз. Мухаммедге (с.а.в.) берилген Курандын нугу менен гана жол алууну сунуштайт. Бул сунуш, адам баласынын эрки жана өздүк каалоосуна багытталып, буйрук жана тыюуларды аткарып аткарбоо дагы бул өздүк каалоонун негизинде талап кылынат. Ал эми жалган дүйнөгө жаралуубуздун себепчиси жана улуу максатыбыз болгон жалгыз акыйкатка (Жаратканга) ишенүү жана жетүү; анын сыпаттары жөнүндө ой жүгүртүп, «ал белгилеген адеп менен жол алуу», натыйжада *ихсан* мартабасын алып келет.[1]

Ихсан мартабасында ыкылас артат. Тактап айтканда, аткарган ар бир ибадат адамды жакшылыкка, дурустукка, чынчылдыкка багыттап, аны тарбиялап үлгүлүүлүккө жеткирет. Мында ал адам таклидий ыймандан кутулуп, ыкылас курчаган ыйманга жетет.

Бул мартабага жеткен адамга «мухсин» деп айтылат. Мухсин, мурунку пайгамбарларга жөнөтүлгөн кабар–маалыматтарды жана анын натыйжасында өсүп–өнгөн цивилизация–маданияттарды тастыктап, аларды бир бүтүндүктүн чегинде баалайт. Адамзат тарыхындагы түрдүү түшүнүктөгү мурастарга объективдүү баа берип, түрдүүлүктөрдүн арасынан окшоштуктарды издейт. Мухсин, башка адамдар менен болгон байланыштарында «*исламдын*» сөздүк маанисин негиз алып, аларга «*тынчтык*» менен кол сунат. Жараткандан келген акыйкат жолуна, акылмандык жана жакшы сөз менен үн салат (Нахл; 16/125).

Бул үн салуу, тавхид окуусунун тарыхтын, жашоонун жана илимдин бирдигине болгон чагылуусунун эң негизги далили. Анткени акыйкатты, ыйман негиздерин билүү, аңдоо жана сезүү, адамдын ички дүйнөсүнө жол алып, Жараткандан келген илимге жеткирет. Ал эми ислам негиздери бул илимге ылайыктуу кыймыл–аракетте болууну камсыз кылып, адамды жакшылыктын, чынчылдыктын жана дурустуктун илимине багыттайт. Натыйжада, Жараткандан келген илим жүрөгүндө жанган адамдын, ааламдагы айырмачылыктарды араларындагы окшоштуктардан курап, башкалардын бирдик жана биримдикке карай жол алууларына далалат жасайт. Бул болсо, тавхиддин эң маанилүү чагылуусу болуп эсептелет.

Мындай өзгөчөлүктөгү адам, эң үлгүлүү – өрнөк адам. Ал жалгыз жана универсалдуу акыйкатка жетүү үчүн парздарды эч унуткарбайт, жада калса напил ибадаттарды да көз жаздымда калтырбайт. Андай адамдын Жаратканга болгон сүйүүсү жоопсуз

---

[1] Бухари. Ыйман. 37 //Сахих; Uysal Muhittin. ***Tasavvuf kültüründe hadis.*** –Konya, 2001– 304-305-беттер.

калбайт. Албетте, Аллах аны сүйөт жана анын көргөн көзү, уккан кулагы, кармаган колу, баскан буту болот.[2] Ал эми ушундай улуулукка жетүү үчүн бизге өрнөк боло ала турган адам Аз. Мухаммет (с.а.в.) болуп эсептелет. Аллахка жана бейишке жетүүнү каалаган момун-мусулман, пайгамбарга моюн сунуп, аны өрнөк алса, Аллах дагы аны сүйөт, коргойт жана анын күнөөлөрүн кечирет (Ахзаб; 33/21. Аали Имран; 3/31. Аъраф; 7/158).

**II Тавхид жана анын далилдениши**

Ааламдагы бардык жандуу жана жансыз заттардын жаратуучусу Аллах Таала. Ал бар жана бир. Анын бардыгына жана бирдигине ишенүү адамзаттын табиятында орун алган. Андыктан ар ким өзүндөгү жана көзгө көрүнгөн сан жеткис заттардагы, кубулуштардагы өзгөчөлүктөргө байкоо салып терең ой жүгүртсө, албетте ал, Жаратkандын бардыгын жана бирдигин таба алат.

Бирок, бул жерде Жараткандын улухияты менен рубубиятындагы айырмачылыктарды белгилеп кетүү абзел. Анткени улухиятты тастыктагандар, ааламдын чоңдугу жана андагы гармонияны көз алдында элестетишип, ойлонушуп Аллахтын улуулугуна кулдук кылышат. Ошондуктан бекеринен Курандын эң негизги милдеттеринин бири «жүрөктөн берилген же болбосо сергек абалда кулак салган адамдар үчүн насыят берүү» болбосо керек (Каф; 50/37). Ал эми ошол насыяттардын арасында, жер жүзүндөгү жана асмандагы толгон нематтарга, мыйзам ченемдүүлүктөргө жана гармонияга басым жасалып, Аллах улуулугунда өзүнө теңдеш эч бир зат жок экендигин эскертет (Кахф; 18/109. Нахл; 16/51. Исра; 17/42. Бакара; 2/254-255. Намл; 27/60-64).

Ошону менен бирге, рубубиятка басым жасагандардын алгачкы кадамы, Жараткандын ырайымдуулугун жана боорукердигин даңазалоо болуп эсептелет. Андыктан ааламдын эмне үчүн жаратылгандыгы; кайдан келип, кайда бара тургандыгы жөнүндө ой жүгүрткөн адам, албетте, теңирдин рубубиятын тастыктап, жашоонун маңызын аңдап алат жана «Аллахка баруучу туура жолду табат» (Нахл; 16/9. Каф; 50/33). Андан соң ааламга маани-маңыз берген Аллахтын, башка жандыктар сыңары жашоо маңызы бөтөн затка көз каранды эмес, түс-келбет-жан берген жаратуучу улуу зат экендигине канаат байлайт. Жараткандын түбөлүктүү жүзү калып, жер жүзүнүн (табият) жок болооруна ыйман келтирет (Рахман; 55/26-27. Нахл; 16/51). Бул жөнүндө Куран бизге кемчилдиксиз жаратуучу, ырыскы берүүчү, туура

[2] Бухари. Рикак. 38 //Сахих

жолду көрсөтүүчү, адилеттүү, ырайымдуу жана боорукер Аллах түшүнүгүн чагылдырып берет.

Чындыгында, Жаратkандын бардыгы жана бирдигине байланыштуу көптөгөн далилдерди келтирүүгө болот. Негизи ааламдагы гармония эле бизге Аллахты ар дайым эстетип турат. Ошондой эле, Куран жана пайгамбарлардын баары Жаратканды эстетүүчү, эскертүүчү жана насыят берүүчүлөр болуп эсептелет (Аъраф; 7/2. Духан; 44/13. Таха; 20/3. Муддассир; 74/29). Албетте, мына ушул нерселерге кулак салып өзүнүн жана жер менен асмандардагы нерселердин жаратылыштары жөнүндө терең ой жүгүрткөн адам, Аллахтан башка кудай жок экенин тастыктап алат (Хашр; 59/22. Намл; 27/60-62).

Кыскасы, Куран, ааламдын жаратылышы менен Жаратkандын бардыгына жана бирдигине баруучу жолду көрсөтүп берет. «Турган, олтурган жана жамбаштап жаткан абалында да Аллахты эстеп, асмандардын жана жердин жаратылышын пикир кыла туран адамдар (Аллахтын улуулугуна кулдук кылып): «Оо, биздин Раббибиз! Сен буларды жөн эле жаратканың жок. Сен (бир нерсени эрмек үчүн жаратуудан жана бардык кемчилдиктүү сыпаттардан) аруусуң!...» маанисиндеги аят жогоруда айтылган ойду тастыктап турат (Аали Имран; 3/191. Сад; 38/27. Анбия; 21/16).

### *А. Аллахтын бар экендигинин далилдери*

Аллахтын бардыгынын далилдери жөнүндө сөз козгоодон мурун, «аклий (акылга таянган) жана наклий (вахийге таянган) маалыматтар» деп айтылган квалификациянын, түшүнүүдө жана анализ жасоодо жөн гана жеңилдик болсун деп ортого коюлганын белгилеп кетүү абзел. Анткени «наклий маалымат жана далилдерди» акылга карама-каршы коюлган негиз катары көрсөтүү, Курандын келүү процессин, индивиуалдык жана социалдык тамырга барып такалган окуялардын вахийдин түшүү себептеринен (асбабу нузуул) экендигин чануу болуп эсептелет. Ошондуктан, беш туюм жана ой жүгүртүү жолу менен гана жеткен маалыматтарды акылдын жана рационалдуулуктун чегинде карап, вахийдин (накил) акылга туура келбестигин (иррационалдуу) айтуу логикага жатпайт; себеби, иррационалдуулук акылга туура келбестик эмес, акыл жетпестик. Тактап айтканда, иррационалдуулук акыл-ой жетпеген метафизика дүйнөсү жөнүндөгү нерселерге тиешелүү. Мына ушул метафизикага байланыштуу нерселерди бизге вахий ачыктап берет. Мисалы: периштелер жана акыретке тийиштүү маалыматтарды акыл бере албайт. Аны шек туудурбаган Жаратkандан келген вахий гана жетиштүү деңгээлде чагылдырып ачыктап берет. Ал эми, тавхид

түшүнүгүн бекемдеп далилдендирип жатып, биз исламий болгон маалымат жана анын булактарына гана маани беришибиз керек. Башкача айтканда, анык маалымат жана анын булактарынын негизги, Аллах Тааладан келген Кураны Керим жана физикалык дүйнөгө тийиштүү маалыматтарды топтогон беш туюм, акыл жана жүрөктүн түпкүрүнөн келип акыл менен айкалышкан жөндөмдүүлүктөр болуп эсептелет.

Эми, Аллахтын бардыгынын далилдери жөнүндө сөз козгосок, алгач акыл жолу менен ортого коюлган далилдерге токтолобуз. Аклий далилдер, бизди курчаган чөйрөдөн, дүйнөдөн, ааламдагы телолор жана алардын гармониясынан алынгандыгы үчүн, ал *космологиялык* (дүйнө таануу), *худус* (жаратылыш), *байкоо* (аалам жөнүндө ой жүгүртүп андагы телолорго байкоо салуу) же болбосо *мүмкүнчүлүк*, *максат* жана *гармония далили* деген аттар менен аталып келет. Ошондой эле бул категорияда, беш туюмга такалбай жалгыз гана акыл менен ачыкталган *кемчилдиксиз зат* далили менен тарыхтын түпкүрүнөн бери түрдүү элдер жана маданияттардын кошумчаларынан калыптанган *ахлак* далилдери да бар. Эми баяндалган бул далилдердин бир канчасына токтолуп өтсөк:

1. *Худус/жаратылыш* далили: худус кийинчерээк пайда болгон, жаратылган деген маанилерге келет. Аалам жана андагы телолордун баары жаратылган. Ошол жаратылган ар бир нерсенин жаратуучусунун болуусу керек. Демек, алардын жаратуучусу Аллах Тааланын дал өзү. Жаратылган жана бар болгон бардык нерселердин бир себеби болуп, ал себептин себепчисинин жок болушу акылга жана табиятка туура келбейт. Анткени, себептер чынжыры түбөлүктүү боло албайт. Натыйжада, себептер чынжыры «Ж»га барып такалбаган болсо да, ал сөзсүз «Я»га барып такалат. Бул нерсе бар экендиги мажбур болгон Улуу күчтүн бардыгын шарттап турат.

2. *Кемчилдиксиз зат* далили: акыл жана аң–сезимибиздин түпкүрүндө, бардык улуу сыпаттарга ээ болгон кемчилдиксиз затты ойлонуу мүмкүн болсо, бул кемчилдиксиз зат эмне үчүн сырткы ааламда жок болсун? Демек, Аллах таала мына ошол улуу заттын дал өзү. Чындыгында, кемчилдиги аз болгон зат, кемчилдиксиз затты эстетип турат. Анткени, кемчилдиктүүлүктөн башталган процесс, кемчилдиги аз болгондон өтүп, натыйжада кемчилдиксиз зат, тактап айтканда, Жаратуучу менен аягына чыгат. Эгер аалым адамдын аң-сезиминде жогоруда баяндалган кемчилдиксиз түшүнүгү бар болсо, бул түшүнүк чеги белгилүү болгон кемчилдиктүү заттын өзүнөн келүүсү мүмкүн эмес. Албетте ал, эч бир мүчүлүштүгү жок Жараткандын дал өзүнөн келүүгө тийиш.

3. *Ахлак* *далили*: коомдук тынчтыкты жана жыргалчылыкты орнотуу үчүн, коомдун ар бир мүчөсүнөн айрым учурда оор жоопкерчиликтерди талап кылган буйрук жана тыюуларга адеп-ахлап принциптери деп айтылат. Адам баласы бул дүйнөдө, жашоо маңызын бере алган адеп-ахлак менен бакыттын көпүрөсүн кура билүүгө тийиш. Ал эми буга жетүүчү ийгиликтин жолун, Аз. Адамдан (а.с.) баштап Аз. Мухаммедге (с.а.в.) чейин келген бардык пайгамбарлар өз учурларында үммөттөрүнө көрсөтүп келишкен. Албетте, пайгамбарларга берилген ийгиликтин жолу, Жараткандан келген.

***Б. Аллахтын бар экендигинин наклий (вахийге таянган) далилдери***

Кураны Керим, Аллах Тааланын бардыгына жана бирдигине алып баруучу себеп жана жолдорду көрсөтүп жатып, аны адамдардын өздөрүнүн тажрыйбаларына айкалыштырып берет. Мисалы: Куран аяттарында адам баласына өздөрүнүн, башка жандыктардын жаратылыштарына, жашоо максаттарына жана алар арасындагы мыйзам ченемдүүлүктөр менен гармоняга ой жүгүртүүлөрү сунушталган. Ошентип, «*жаратуу, гармония жана максаттуулук*» маселелери Жаратkандын бардыгынын далил катары колдонулуп келет.

1. *Жаратуу* далили: бар болуп жашоосун улантуусу жана жашоо маңызы бөтөн затка көз каранды болбогон, эзелки жана түбөлүктүү улуу зат Аллах Тааладан башка жандыктар баары жаратылган. Ошондуктан алар өлүп жок боло турган ааламдын ичинде бир каралат. Анткени, Жаратkандан башка эмне болсо, алардын баары өлүмдүн даамын татышат. Демек, ушуга окшогон акыйкатты билип, Аллах Таалага ишенген адам, башка адамдар жана жаратылыш менен болгон мамилелерин тавхид принцибинин алкагында аяр тутушат.

Аллахтан башка жаратуучунун жок экендигине ишенүү жана күбөлүк берүү маанисин туюндурган тавхид окуусу боюнча, ааламда ар дайым жаратуу жана гармония бар. Бул жаратуу менен гармониянын кокустукка таянгандыгын айтуу туура эмес. Анткени, ааламдагы түрдүүлүктөрдүн жападан жалгыз себепчиси Аллах Тааланын дал өзү. Жаратууга байланыштуу болгон аяттарга (Алак; 96/1-2. Ясин; 36/79. Юнус; 10/31) дагы көз сала турган болсок, анда Аллах адамзатын байкоо салып, ой жүгүртүүгө чакырат.

Демек, диалог өзгөчөлүгүндөгү Куран аяттары, адам баласына суроолорду берип, андан жоопторду күтөт. Мисалы: «Аллахка кошкон шериктериңерди мага көрсөткүлө! Жок, Аллах бир өзү гана кудуреттүү жана даанышман» аяты мунун бир далили (Сабаа; 34/27. Раад;

13/16;33)0. Ошондой эле, «Алар эч нерсесиз жаралып калышканбы? Же болбосо өздөрү жаратуучубу?» (Тур; 52/35) аяты дагы жаратуучусуз жаралуунун, пайда болуунун мүмкүн эместигин көрсөтүп турат. Демек, эч ким жана эч нерсе кокустуктан жаралбаган же жаратуучусуз жаратылбаган. Ошондуктан мындай ачык жана жөнөкөй түшүндүрмөлөр, *«пайда болгон ар бир нерсе жаратылган. Эч бир мүмкүн (жандуу жана жансыз нерселер) өзүнөн өзү келип калган эмес. Анын сөзсүз жаратуучусу бар»* таризиндеги *худус/жаратылыш* далилине да ыктыяж калтырбаса керек.

2. Ааламдагы *гармония далили*: бизди курчаган чөйрөгө жана дүйнөгө көз салып байкоо жүргүзгөн адам, андагы системалуулукту жана гармонияны көрүп, Жараткандын бар жана бирдигине канаат байлайт. Ошондуктан бул далил (долбоор далили деп да аталат), бар экендиги акыйкат болгон теңирди издеген жанга таасирдүү из калтыра алат. Аалам жана андагы кымындай нерсенин да кандайдыр бир мыйзамдын чегинде системалуу түрдө кыймылда болоорун баяндаган Куран аяттары, адам баласына бул нерселерге карап ой жүгүртүүсүн сунуштайт. Мисалы: кээ бир аяттарда, асмандын жети кабат болуп тирексиз жаратылгандыгы; Рахмандын мындай жаратуусунда кемчилдик жана бөлүнүп-жарылуунун жок экендигине басым жасалат (Мүлк; 67/3-4. Раад 13/2).

Аллах Таала, жараткан ар бир нерсесине системалуу түрдө жашоо мыйзамын багыштап, ага өмүр бергенин, өзүнүн бар экендигинин далили катары көрсөтөт. Мисалы: Аллах менен бирге башка жаратуучулар бар болгондо, ааламдын жашоосу өз өмүрүн токтотмок же андагы гармония менен тең салмактуулук жоголмок. Тактап айтканда, ар бир жаратуучу өз көмөчүнө күл тартып, биринин аткарганын башкасы жактырбай, араларында катуу күрөш жүрмөк (Муъминун; 23/91). Азыркы учурда ааламдын жашоосун улантып жана андагы гармония менен тең салмактуулуктун бизге таасирдүү из калтырып жатканы, Аллахтын бар жана бирдигинин эң негизги далили.

3. *Максаттуулук* далили: адам баласынын жаратылышы, асман менен жер жана алардын арасындагы түркүн жандуу заттардын белгилүү бир мыйзамга баш ийип жашап жаткандыктарынын кандайдыр бир максатынын бар экендигин Куран аяттары белгилеп өтөт. Ааламда эч бир нерсе жөн жерден жаратылып калган эмес. Алар негизинен адам баласынын буйругуна моюн сундурулган (Аали Имран; 3/189-191. Анбия; 21/16-17. Лукман 31/20).

Демек, жогоруда баяндалган Аллахтын бар жана бирдиги жөнүндө далилдерден бири жана бир канчасы, жүрөгүбүздө жетиштүү деңгээлде из калтыра алат десек жаңылышпайбыз. Айрымдары

булардын жетиштүү эместигин айтып, Жаратканды чангандан танбаса дагы, акыйкат акыйкат боюнча кала берет. Анткени ал, өзгөрбөйт жана өзгөрүүгө муктаж эмес.

**III Аллахтын ысым жана сыпаттары**

Аллахтын ысым жана сыпаттары, акаид (тавхид) илиминин эң негизги темаларынан бири. Анткени, ыйман негиздеринин биринчиси болгон Аллахка ыйман келтирүү , Жаратkандын жалгыз гана бар экендиги менен чектелбейт. Ошол эле учурда ал, Жаратkандын заты жана кемчилдиксиз сыпаттары жөнүндө да керектүү маалыматтарды берип келет. Эгер Аллахка болгон ыйман, ишеним негиздери жөнүндө жалпы маалыматтар менен чектелсе, ага «ижмалий ыйман», ал эми далилдери менен бирге кеңири маалыматтарды камтып турса, «тафсилий ыйман» деп айтылат.

Аллахтын эмгеги болгон аалам жана андагы жандуу, жансыз заттар, Жараткандын ысымдарына күбө болсо, ысымдар сыпаттарынын, сыпаттары анын улуу затынын далили. Жараткандын кандай өзгөчөлүктөргө ээ экендигин «анын эмгектерине (издерине) карап» (Рум; 30/50) аңдап биле алабыз. Ал эми аят менен хадистерде баяндалган Аллах Тааланын ысымдары, анын сыпаттарына да ишарат кылып турат. Жараткан эң жакшы ысымдарга ээ. Ошондуктан, Анын эң жакшы ысымдарын айтуу менен дуба кылышыбыз керек (Аъраф; 7/180. Исра; 17/110. Анкабут; 29/8. Хашр; 59/24). Асмаул хусна (жакшы ысымдар) деп аталган бул ысымдар, Аллахтын затына ылайыктуу жана белгилүү бир мааниге келген сөздөрдөн куралган. Ошондой эле, бул ысымдар бир эле учурда Жараткандын сыпаттары үчүн да колдонулуп келет. Мисалы: *Жаратуу* Аллахка гана таандык нерсе, ошондуктан ал *Жараткан* атына ылайыктуу. Ал эми *жаратуучу* анын эң негизги сыпаттарынан болуп эсептелет.

***А. Аллахтын сыпаттары***

Эң жакшы ысым жана сыпаттарга ээ боло албаган зат, кулдук кыла турган зат да боло албайт. Ал эми кемчилдиксиз ысым жана сыпаттардын ээси болгон Аллах Таала, ибадат кылууга татыктуу Улуу Зат. Бирок, Жараткандын кемчилдиксиз ысым жана сыпаттарынын саны жөнүндө, аалымдар арасында орток пикир жок. Мисалы: Имам Азам Абу Ханифанын көз карашы боюнча, улуу заттын сыпаттары затына (затий) жана кыймылы–аракетине (фиилий) карап экиге бөлүнөт.

а) *Затына байланышкан сыпаттары* булар: хаят (тирүү, жашоочу), кудурет, илим, калам (сүйлөөчү), сами (угуучу), басар (көрүүчү) жана ирада (каалоочу).

б) Ал эми *кыймыл–аракетине байланышкан сыпаттары* булар: жаратуучу (тахлик), жакшылык, ырайым кылуучу, ырыскы (тарзик) жана немат берүүчү (инъам), ж.б. Имам Азам, Жараткандын бул сыпаттарынын эзелки жана түбөлүктүү экендигин белгилеп кетет. Орто Азиядан чыккан белгилүү аалым Абу Муин ан–Насафий дагы Имам Азамдын көз караштарын кубаттап өтөт. Ал эми Имам аль–Жувайни болсо, Жараткандын сыпаттарын нафсий жана манавий болуп экиге бөлүнөөрүн белгилейт. Имам альи–Жувайни айтып өткөн Аллах Тааланын манавий сыпаттары булар: хаят, кудурет, илим, калам ж.б. Ал эми нафсий сыпаттарынын ичине вахданият (тавхид: шерик жана ортогунун жок болушу), мухалафатун *лилхавадис* (жаратылган жандыктарга окшобоо) ж.б. сыпаттары кирет. Бирок, аалымдардын көз караштарын жалпылап топтоштурганда, Аллах Тааланын сыпаттарын негизинен үч топто бөлүп кароого болот:

1. *Нафсий сыпатына;* Аллахтын бар экендигин туюндурган «вужуд» сыпаты кирет. Жараткандын бар болушу, башка жандыктардай бөтөн затка көз каранды эмес. Анын бар экендиги (вужуду) өзүнө гана таандык. Ошондуктан ага «Важибул вужуд» (бар болушу тубаса жана керек болгон зат) деп айтылат. Бардын карама-каршы мааниси–жок. Ошол «жок» деген нерсе, Жараткандын заты үчүн эч мааниге ээ эмес. Анткени, ал улуу зат жана «жокторго» ыктыяжы жок, жада калса ал «жокту бар кылган» теңдешсиз күчкө ээ.

2. Аллахтын *субутий сыпаттары;* айрым учурда манавий деп дагы аталып келет. Жараткандын затына ылайыктуу болгон бул сыпаттар, башталгычы жок эзелки, соңу жок түбөлүктүү. Ашарийлердин көз караштары боюнча Аллахтын субутий сыпаттарынын саны жети, ал эми Матуридийлердин көз караштары боюнча сегиз. Алар: хаят (тирүү, жашоочу), кудурет, илим, калам (сүйлөөчү), самъи (угуучу), басар (көрүүчү), ирада (каалоочу) жана таквин (жаратуучу). Ашарийлер таквинди (жаратуучу) өз алдынча сыпат катары эмес, Жараткандын кудурет сыпатынын ичинде карашат.

Демек, вахийге окшогон далилге таянган Аллахтын субутий сыпаттарынын саны сегиз.

а) *Хаят;* Жараткандын тирүү жана жашап жаткандыгын көрсөтүп турат. Бирок, анын тирүү жана жашагандыгы, жаратылган жандыктардай дене жана рухтан куралып өмүр сүргөндөй мааниде эмес. Ошондой эле, ал жалгыз гана тирүү эмес, башкаларга да тирүүлүк жана өмүр тартуулаган Улуу Зат (Бакара, 2/255. Фуркан; 25/58).

б) *Илим;* Аллахтын баары жокту билүүсү. Жараткан, асман менен жердегини, ачык менен сырдууну, аз менен көптүн баарын билген улуу зат (Сабаа; 34/1-2. Тагаабун; 64/1-4).

в) *Сами;* Улуу Заттын болуп жаткан баары жокту угуусу деген мааниге келет (Мужаадала; 58/1).

г) *Басар;* Жараткандын көрөгөчтүгү же көрүүчү сыпаты, бир канча аятта самъи (угуучу) сыпаты менен катарлаш келген (Шуура 42/11).

д) *Ирада;* Аллах Таала чексиз каалоочу жана каалаганын аткаруучу, жаратуучу улуу күчкө ээ (Ясин; 36/82). Анын эки түрдүү ирадасы (каалоосу) бар. Биринчиси, таквиний ирада; ал аалам жана андагы жандуу, жансыздардын баарын кучагына алат. Эгер Жараткан, бир нерсенин болуусун, аткарылуусун кааласа, ал дароо кудретинин негизинде орундалат (Нахл; 16/40). Экинчиси, ташрий ирада; буга «диний ирада» деп дагы айтылат. Аллахтын бир нерсени сүйүүсү, ыраазы болуусу. Мында Жараткан, адамзат үчүн жеңилдикти, жакшы жана пайдалуу болгон нерсени каалап, оорчулукту, жаман жана зыяндуу болгон нерсени каалабайт (Бакара; 2/185). Бирок, мындай каалоонун иш жүзүнө ашуусу, көпчүлүк учурда пенденин эркине байланыштуу. Анткени ал, бул жашоого сыноо үчүн келген. Эгер Аллах, пендеси үчүн жакшы жана пайдалуу болгон нерсени каалап, аны жарата бергенде, жашоонун мааниси такыр калмак эмес.

е) *Кудурет;* Аллахтын чексиз күчкө ээ экендигин туюнтат. Кудурети чексиз кудай, каалаганын аткарып жарата алат. Чабал, күчсүз, бечел деген сөздөр, Жараткан үчүн эч бир мааниге ээ эмес (Маида; 5/120. Бакара; 2/259. Нур; 24/45).

ё) *Калам;* сүйлөө, сүйлөшүү, баяндоо маанилерине келет. Бирок, Аллахтын сүйлөөсү, адамдардын сүйлөшүүсүндөй тамга, тыбыштардан куралбайт. Анын кантип сүйлөгөнүн, Жаратकандын өзүнөн башка эч бир жандык билбейт (Ниса 4/164. Бакара 2/75). Аллах вахийди пайгамбарларына «*каламу нафси*» түрүндө түшүргөн. Тактап айтканда, тил колдонулбастан, керектүү маалыматтар (вахий) жүрөккө сиңирилип берилген. Демек, Куран Аллахтын сөзү, башкача айтканда, каламу нафси. Ал эч кандай өзгөрүүгө дуушар болгон эмес жана кыяматка чейин сакталат.

ж) *Таквин;* жаратуу маанисин туюндурат. Аллах Тааланын ааламдагы бардык нерселерди жаратуусу, жандууларына ырыскы берүүсү, жок кылуусу ж.б. кыймыл–аракеттери, мына ушул сыпатынын алкагында каралат.

3. *Салбий сыпаттар;* айрым учурда «*танзихий сыпаттар*» деген ат менен дагы аталып келет. Анткени, бул сыпаттар Аллах Зааланын затына ылайыктуу болбогон өзгөчөлүктөрдү андан узак тутуп келет.

Жаратуучу, ырыскы берүүчүгө окшогон Жаратकандын кыймыл-аракеттери менен байланышкан сыпаттарды, Ашарийлер кудурет, ал эми Матуридийлер таквин сыпатынын ичинде карашат. Ошону менен

бирге, «ээлик кылуу» *(истива)*, «ылдыйга түшүү» *(нузуул)*, «келүүгө» *(мажи)* окшогон хабарий сыпаттар болсо, Жаратkaндын заты жана кыймыл-аракеттери менен тыгыз байланышта (Аъраф; 7/54. Раад; 13/2. Фуркан; 25/59. Хадид; 57/4. Бакара; 2/186. Анъам; 6/58. Мүлк; 67/16).

Негизинен, Жараткандын сыпаттарына тиешелүү маселелерде аалымдарыбыз, эки түрдүү методдун бирин колдонушкан. Биринчиси, *тавфик методу*. Бул методдо, жоромол (таъвил) жана окшоштуруулардан (ташбих) узак турулуп, Жараткандын сыпаттары Куран жана хадистерде кандай берилсе, так ошондой ишенүү керектигине басым жасалат. Тавфик методун көпчүлүк учурда салафтар колдонуп келишкен. Ал эми экинчи методду Ахли сүннөт аалымдарынын басымдуу бөлүгү колдонушкан. Ал методдо жоромолдоо (таъвил) жолу аркылуу Аллах Таала түрдүү кемчилдиктерден узак тутулуп келген.

Жалпысынан эки методдо тең, Жаратkaн бардык кемчиликтерден аруу тутулуп, тавхид даңазаланган. Абу Муин ан–Насафийдин айтуусу боюнча, Аллах бардык сыпаттары менен бир. Анын башталгычы жана соңу жок. Сыпаттар зат менен бирге бар болуп, ал менен гана кандайдыр бир мааниге ээ болот. Эми, Жараткандын затына гана тиешелүү сыпаттарга токтолуп өтсөк.

а) *Вужуд;* Кудурети күчтүү Жараткандын бар экендигин туюндурган сыпат. «Асмандар менен жердин жаратуучусу болгон Аллахтын бар экендигинде эч күмөн жок» (Ибрахим; 14/10. Раад; 13/2-3). Бирок, биз Жараткандын зат жана анын кандай түзүлүштө экенин биле албайбыз. «Көздөр аны көрө албайт» (Анъам; 6/103) аяты дагы, адам баласынын чектүүлүгүн жана Жаратканын көрө албастыгын көрсөтүп турат.

б) *Кыдем;* Аллахтын бар экендигинин башаты жок. Адамзат тарыхына карап көз чаптырсак, ар доордо, ар бир ирмемде Жаратkaнсыз жашоонун жоктугун көрөбүз. Демек, ал башталгычы жок эзелки, Улуу Зат (Хадид; 57/3). Бул сөздүн карама-каршы мааниси болгон пайда болуу, жаралуу, бир башаттан чыгуу сөздөрү аалам жана андагы заттарга тиешелүү.

в) *Бека;* Жараткандын соңу жок түбөлүктүү болуусу. Башталгычы жок эзелки заттын түбөлүктүү дагы болуусу керек. Мындай өзгөчөлүк анын бар экендигинин (вужуд сыпатынын) табигый талабы. Өлүү, жок болуу улуу затка эмес, бир уңгудан башат алган, жаратылган заттарга тиешелүү (Касас; 28/88. Рахман; 55/27).

г) *Вахданият;* Аллахтын затына байланышкан жана анын эң маанилүү кемчилдиксиз сыпаттарынан бири. Анткени бул сыпат, анын затында, сыпаттарында жана кыймыл-аракеттеринде шерик жана ортогунун жок экендигин туюндурат. Ыймандуу, момун (Жараткандын

бар жана бирдигине ишенген адам) болуунун биринчи шарты (рүкүнү), Кудурети күчтүү заттын бирдигин жана анын шерик, ортогунун жок экендигин жүрөктөн тастыктоо болуп эсептелет. Жараткандын бирдигин билүү (тавхид), бардык самавий (көктөн вахий жолу менен түшүрүлгөн) диндердин ишеним негиздеринин өзөгүн түзгөн. Бирок, Аз. Мухаммед (с.а.в.) пайгамбарга келген вахийлер гана (Куран) эч өзгөрбөстөн күнүбүзгө чейин сакталган. Ал эми башка пайгамбарларга түшүрүлгөн ыйык китептер (диндер) өзгөрүүгө дуушар болгон. Жараткандын бул сыпаты, Ихлас сүрөсүндө өздүү мааниде берилген:

«Айт! Ал Аллах - Жалгыз. Ал Самад (эч нерсеге муктаж жок). Туубаган жана да туулбаган. Ага теңдеш эч бир жан жок» (Ихлас; 112/1-4).

д) *Мухалафатун лилхавадис;* Жаратkан, жаратылган эч бир затка окшобойт. Ааламдагы бардык жандуу жана жансыз заттар жаратылган. Жалгыз гана эч бир затка окшобогон Аллах Таала, башталгычы жок эзелки, соңу жок түбөлүктүү (Шуура; 42/11).

е) *Кыям бинафсихи;* Аллахтын бар болушу, башка жандыктардай бөтөн затка көз каранды эмес. Анын жашоосу, бар жана бирдиги өзүнө гана таандык. Ал жаратуучу, ал эми жаратылган заттардын гана Жаратканга ар дайым муктаж(Фажр; 89/15. Анкабут; 29/8).

**Корутунду: тавхид окуусунун керектүү талаптары**

Аллахтын бар жана бирдигине байланыштуу акыл жана вахийге таянган далилдерде баяндалгандай, аалам адам үчүн жаратылган. Ал эми адамдын жаратылыш максаты эмнеде? Адам баласы да жөн эле жаратылып калбаса керек. Албетте, адамзатына өзүн курчаган чөйрөдө сан жеткис жакшылык-нематтарды берип, жашоо даамын багыштаган Жараткандын бар жана бирдигин билүү, ага таазим кылуу жана аны сүйүү менен анын ыраазычылыгына жетүү, пенденин эң негизги максаты болсо керек (Заарият; 51/56-57). Ошондой эле, адам акыл-эске, аң-сезимге ээ жандык катары, жеке кызыкчылыктарынын кулу болбостон жер жүзүндө адилеттүүлүктү орнотууга (Сад; 38/26); курулганды кыйратуу эмес, кыйраганды курууга милдеттүү.

Ошону менен бирге, жакшылык менен жамандыкты тандоодо өз алдынча эркүүлүккө жана ыктыярдуулукка ээ болгон адам баласынын кийинки кадамдары; тавхид сунган принциптин негизинде өзүндө жана сөзүндө бир (эки жүздүүлүктөн алыс) болуу, жакшылык кылууну максат билип, Жаратканга жакындашуу жана күнөө кылуудан качып, жамандыктардан ыраак туруу. Анткени, ички дүйнөсүн тарбиялап аруулукка жеткирген түбөлүктүү бакытка жетет. Ал эми

жамандыктардын туңгуюгунда калып, жүрөгүн карарткан адамдын башынан балээ кетпейт (Шамс; 91/9-10).

Тавхидди, Жаратkандын бар жана бирдигин тастыктаган адам, жалгыз гана диндаштары болгон момун-мусулмандарды эмес, жалпы адам баласын бир тууган катары көрөт жана баарына түшүнүү менен мамиле жасайт. Жашоонун маңызы, туура жана ийри болгон жолдордон (Балад; 90/10) туурасын тандоодо экендигин абдан жакшы билет.

Демек, Аллахка ыйман келтирүү момун-мусулмандан жашаган коомунда гана биримдик менен ынтымакты талап кылбастан, ага башка эл, башка коом менен тил табышып достук жана бир туугандык мамилелерди курууну да сунуштайт. Адамзатынын башка жандыктардан жогору көрсөтүлүшү, мына ошол Аллахка ыйман келтирүү менен ишке ашат (Исра; 17/70). Жараткан Аллахка чын жүрөктөн ишенүү, адамга жалгыз гана сүйүү, сый-урмат, адилеттүүлүк жана адептүүлүк тартуулабастан, андан ар бир ишинде, ар бир мамилесинде *жоопкерчиликтүү* болуусун да талап кылат. Демек, Аз. Мухаммед (с.а.в.) пайгамбарыбыз айткандай; жакшылыгын аябай, натыйжада сый-урматка арзыган адам, Аллахка ыйман келтирүүчүлөрдүн эң алдыңкыларынан бири болуп эсептелет. «Рахман, ишенип пайдалуу иштерди аткаргандардын (жүрөктөрүндө) сүйүү жаратат....» (Мариям; 19/96) аяты да, айтылган ойлордун мазмундуу далили.

**Колдонулган адабияттар**


- Abduh Muhammed. ***Tevhid Risalesi.*** çeviren: Hizmetli Sabri. –Ankara,1986.
- Atay Hüseyin. ***İslam'ın İnanç İlkeleri.*** –Ankara, 1992.
- Atay Hüseyin. ***Kur'an'a Göre İslam'ın Temel Kuralları.*** –İstanbul, 1991.
- Aydın Ali Arslan. ***İslam İnançları ve Felsefesi.*** –İstanbul, 1968.
- Bilmen Ömer Nasuhi. ***Muvazzah İlm-i Kelam.*** –İstanbul.
- Bilmen Ömer Nasuhi. ***Büyük İslam İlmihali.*** –İstanbul.
- Бухари Абу Абдиллах Мухаммед ибн Исмаил. ***Аль-Жамиус сахих.*** –Стамбул.
- Çalışkan İsmail. ***Kur'an'da Din Kavramı.*** –Ankara, 2002.
- Çubukçu İ. Agah. ***İslam Felsefesinde Allah'ın Varlığının Delilleri.*** –Ankara, 1971.
- Ebu Hanife. ***Fıkh-ı Ekber.*** çeviren: Çantay H. Basri. –Ankara. 1985.

- Faruki İsmail R. ***Tevhid.*** çeviren: Yardım D., Boyacı L. –İstanbul, 1995.
- Güler İlhami. ***Allah'ın Ahlâkîliği Sorunu.*** –Ankara, 1998.
- Hamidullah Muhammed. ***İslam'a Giriş.*** çeviren: Kuşçu Kemal. –İstanbul, 1976.
- Hökelekli Hayati (der). ***Gençlik, Din ve Değerler Psikolojisi.*** –Ankara, 2002.
- İzmirli İsmail Hakkı. ***Yeni İlm-i Kelâm.*** nşr. Hizmetli Sabri. –Ankara, 1981.
- İzitsu Toshihiko. ***Kur'an'da Dinî ve Ahlâkî Kavramlar.*** çeviren: Ayaz Selahattin. –İstanbul.
- Magee Bryan. ***K. Popper'in Felsefesi.*** çeviren: Tunçay Ç. –İstanbul, 1990.
- Nasr S. Hüseyin. ***İslâm ve İlim.*** çeviren: Kutluer İ. –İstanbul, 1989.
- Nasr S. Hüseyin. ***Bilgi ve Kutsal.*** çeviren: Yazar Y. –İstanbul,1999.
- Özler Mevlüt. ***İslam Düşüncesinde Tevhid.*** –İstanbul, 1995.
- Öztürk Yaşar Nuri. ***Kur'an'ın Temel Kavramları.*** –İstanbul, 1991.
- Pezdevî Ebû Yusr Muhammed. ***Ehl-i Sünnet Akaidi.*** çeviren: Gölcük Şerafeddin. –İstanbul, 1988.
- Rahman Fazlur. ***Ana Konularıyla Kur'an.*** çeviren: Açıkgenç Alparslan. –Ankara, 1996.
- Frithjof Schuon. ***İslâm'ın Metafizik Boyutları.*** çeviren: Kanık M. –İstanbul, 1996.
- Topaloğlu Bekir. ***Kleâm İlmi Giriş.*** –İstanbul.
- Topaloğlu Bekir. ***Allah.*** //Diyânet İslam Ansiklopedisi. –İstanbul, 1989.
- Uyanık Mevlüt. ***Bilginin İslamileştirilmesi ve Çağdaş İslam Düşüncesi.*** –Ankara, 2001.
- Uyanık Mevlüt. ***İslam'ın İnanç İlkeleri.*** –Ankara, 1997.
- Uysal Muhittin. ***Tasavvuf Kültüründe Hadis.*** –Konya. 2001.